# Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушунун №2-
# ТОКТОМУ

05.10.2022-ж. Каракол шаары

Катышуучулардын саны: 8 мугалим

Катышканы: 8

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2022-2023-окуу жылына карата ноябрь айында кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин айлыгын өткөрүүгө карата иш- чаралардын планын түзүү жана бекитүү.

2. Бирикменин ичиндеги өз ара тажрыйба алмашуу иретинде сабактарга катышуу.

Угулду:

Күн тартибиндеги каралган биринчи маселе боюнча: усулдук бирикменин башчысы Э.Чымыров сөз сүйлөп, ноябрь айында өткөрүлүүчү айлык өткөрүлөрүн жана ага карата иш-чараларды, ачык сабактарды, тарбиялык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди уюштуруп даярдануу керек экендигин айтты. Бул маселеге карата сунуш берүүнү белгиледи.

Жарыш сөзгө чыгып сүйлөдү: кыргыз тили жана адабияты боюнча окутуучу Акматова Айнура: айлыкты уюшкандыкта өткөрүү үчүн бардык мугалимдер пландап, өткөрүлүүчү иш-чаралардын, сабактардын темаларын берели деди. Усулдук бирикмесинин мүчөлөрү: Т.Темирканова, К.Исраилова, Г.Өмүралиева бул сунушту колдоорун билдиришти.

Күн тартибиндеги каралган экинчи маселе боюнча: кафедра башчысы Э.Чымыров сөз сүйлөп, бирикменин ичиндеги өз ара тажрыйба алмашуу иретинде сабактарга катышуу керектигин айрыкча жаш мугалимдер А.Мүсүралиева, А.Таңатарова тажрыйба топтоо жана көп жылдык педагогикалык тажрыйбасы бар эжелер Т.Темирканова, А.Акматовалар насаатчылылык үчүн бул ишти алып барууларын айтты. Жарыш сөз алып, Т.Темирканова бул маселе учурдагы актуалдуу маселе экендигин , жаш муундарга сабак берүүнүн усулдук, педагогикалык жагдайы өзгөргөндүгүнө байланыштуу колдоорун айтты.

Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин айлыгын уюшкандыкта өткөрүү үчүн бардык мугалимдер пландап, өткөрүлүүчү иш-чаралардын, сабактардын темаларын беришсин.

2. Бирикменин ичиндеги өз ара тажрыйба алмашуу иретинде ар бир мугалим бири-бирине жумасына экиден сабакка катышып, тажрыйба алмашсын жана анализдер берилсин.

Кафедра башчысы: Э.Чымыров

Катчысы:

# Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты  усулдук бирикмесинин чогулушунун  №3-
# ТОКТОМУ

03.11.2022-ж.                                                                Каракол шаары

Катышуучулардын саны: 8 мугалим

Катышканы: 8

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2022-2023-окуу жылына карата  кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактары үчүн жыйынтыктоочу тесттерин, жат жазуу жана текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн тест жыйнактарын, жат жазуу тексттерин, текшерүү иштеринин темаларын, адабияттарын  түзүү.

2. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мугалимдери студенттерге сабак өтүүдө окуу- методикалык комплекстерди изилдеп , жетишпегени боюнча топтом түзүү.

Угулду:

Күн тартибиндеги каралган  биринчи  маселе боюнча:  усулдук бирикменин башчысы  Э.Чымыров сөз сүйлөп, 2022-2023-окуу жылына карата  кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактары үчүн жыйынтыктоочу тесттерин, жат жазуу жана текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн тест жыйнактарын, жат жазуу тексттерин, текшерүү иштеринин темаларын, адабияттарын  түзүү керек экендигин айтты. Бул маселеге карата сунуш берүүнү белгиледи.

Жарыш сөзгө чыгып сүйлөдү: кыргыз тили жана адабияты боюнча окутуучу Акматова Айнура:    кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактары үчүн жыйынтыктоочу тесттерин, жат жазуу жана текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн тест жыйнактарын, жат жазуу тексттерин, текшерүү иштеринин темаларын, адабияттарын  түзүп албасак студенттердин өздөштүрүү сапатын билүү натыйжалуу болбосун  белгиледи. Усулдук бирикмесинин мүчөлөрү: Т.Темирканова, К.Исраилова, Г.Өмүралиева бул сунушту колдоорун билдиришти.

Күн тартибиндеги каралган  экинчи  маселе боюнча:  кафедра башчысы Э.Чымыров сөз сүйлөп, бирикменин ичиндеги    мугалимдер   студенттерге сабак өтүүгө керектүү  окуу- методикалык комплекстерди изилдеп ,

жетишпегени боюнча топтом түзүү керек экендигин жана керектүү окуу китептерине сунуш берүүнү белгиледи.

А.Мүсүралиева, А.Таңатаровалар  бул маселе туура көтөрүлгөндүгүн, заманбап окуу китептерин алуу жана колдонуу менен студенттерге сабак өтүүдөгү  иштин сапаты жакшыраарын айтып, белгилешти. Жарыш сөз алып, Т.Темирканова  бул маселе учурдагы актуалдуу маселе экендигин , жаш муундарга сабак берүүнүн  усулдук, педагогикалык  жагдайды  өзгөртүү үчүн мектептердеги мамлекеттик стандартка ылайык  оку-усулдук колдонмолорду алууну колдоорун айтты.

Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты  усулдук бирикмесинин чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. Усулдук  бирикмесинин ар бир мугалими сабак берген курстарына 2022-2023-окуу жылына карата  кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактары үчүн жыйынтыктоочу тесттерин, жат жазуу жана текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн тест жыйнактарын, жат жазуу тексттерин, текшерүү иштеринин темаларын, адабияттарын  түзүп, колдонууга сунушташсын.

2. Мугалимдер  студенттерге сабак өтүүгө керектүү  окуу- методикалык комплекстерди изилдеп , жетишпегени боюнча топтом түзүшсүн жана керектүү окуу усулдук комплекстерге  сунуш берилсин.

Кафедра башчысы: Э.Чымыров

Катчысы:

# И.Бийбосунов атындагы педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушунун №1-ТОКТОМУ

29.08.2023-ж. Каракол шаары

Катышуучулардын саны: 8 мугалим

Катышканы: 8

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2022-2023-окуу жылына даярдык. Сабактарды окуу программаларына ылайык, календарлык – тематикалык пландарды түзүп, бекиттирүү.
2. 2022-2023-окуу жылында өткөрүлүүчү ачык сабактардын иретин түзүүгө темаларды берүү.
3. Кыргыз тилчи, адабиятчыларды мугалимдер өз ара тажрыйба алмашуу иретинде сабактарга катышуу.

Угулду:

Күн тартибиндеги каралган биринчи маселе боюнча: усулдук бирикменин башчысы Э.Чымыров сөз сүйлөп, жаңы окуу жылына карата даярдык көрүп, бекитилген окуу тайпалары боюнча өз жүктөмдөрүн тактап, календарлык план түзүүзарылдыгын айтты.

Окутуучу Т.Темирканова кыргыз тили, адабияты жана усулу сабактары боюнча бири-срибиз менен тыгыз байланышта болуп иштешибиз керек, тажрыйба алмашалы деген сунушун айтты.Ошондой эле кыргыз тили мугалими А.Акматова ачык сабактарды чыгармачылык менен активдүү өткөрүүнү сунуштады жана бирикменин андан аркы иштерин жакшыртуу маселесин кароо түзүү керек экендигин айтты.

Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин окутуучулары 2022-2023-окуу жылына карата даярдык көрүлүп, сабактарды окуу программаларына ылайык, календарлык – тематикалык пландарды түзүп, бекитилсин.
2. 2022-2023-окуу жылында өткөрүлүүчү ачык сабактардын иретин түзүүгө темаларды ылайыктап, сунуштасын.

3. Кыргыз тилчи, адабиятчыларды мугалимдер өз ара тажрыйба алмашуу иретинде өз ара сабактарга катышышсын.

Кафедра башчысы: Э.Чымыров

Катчысы:

Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушунун №2-

ТОКТОМУ

06.12.2023-ж. Каракол шаары

Катышуучулардын саны: 7 мугалим

Катышканы: 7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактарын өтүүдө окутуучулардын азыркы учурдун талабына шайкеш болуу максатында санариптик билим берүүнү колго алуу.
2. Ч. Айтматовдун тууландыгынын 95 жылдыгына карата маданий, окуу, иш-чараларын уюштуруу.
3. Студенттердин кышкы сессиясына даярдык көрүү максатында экзамендик билеттерди түзүү. Мамлекеттик экзамендеринин билеттерин сапаттуу түзүү.

2. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мугалимдери студенттерге сабак өтүүдө окуу- методикалык комплекстерди изилдеп , жетишпегени боюнча топтом түзүү.

Угулду:

Күн тартибиндеги каралган биринчи маселе боюнча: усулдук бирикменин башчысы Э.Чымыров сөз сүйлөп, кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактарынын өтүлүшүнө анализ берип, ар дайым заманбап технологиялар менен жаңычылдык менен сапаттуу, мазмундуу сабак берүүлөрүн өтүндү. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган ”Санариптик билим берүү” долбоору боюнча окутуучулар 72 сааттык семинар-тренинге катышкандыгына токтолду. Алар: А.Акматова, А.Мүсүралиева, Г.Өмүралиева, Э.Чымыров.

Экинчи маселе боюнча Ч. Айтматовдун тууландыгынын 95 жылдыгына карата маданий, окуу,иш-чараларын уюштуруп өткөрүү маселеси каларып, кыргыз адабият сабагынын мугалими К.Исраилова, орус тилдүү тайпаларда Г.Өмүралиева тайпалар аралык көркөм адабий кечелерди өткөрүү сунушталды.

1. Үчүнчу маселе боюнча А.Акматова окутуучулар студенттердин кышкы сессиясына даярдык көрүү максатында экзамендик билеттерди түзүүдө көп жылдан бери колдонулуп келген экзамендеринин билеттерин талапка ылайык өзгөртүп,сапаттуу түзүүнү сунуштады.

Педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. Кыргыз тили жана адабияты жана алардын усулдары сабактарын өтүүдө окутуучулардын азыркы учурдун талабына шайкеш болуу максатында санариптик билим берүүнү колго алышсын.
2. Ч. Айтматовдун тууландыгынын 95 жылдыгына карата маданий, окуу, иш-чараларын уюштурулсун.
3. Студенттердин кышкы сессиясына даярдык көрүү максатында экзамендик билеттерди түзүшсүн. Мамлекеттик экзамендеринин билеттерин сапаттуу түзүлсүн.

Кафедра башчысы: Э.Чымыров

Катчысы: